УДК:801.612.154+173.3

Курманалиева Ч.А., Атыгаев Б.И.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## К.ТЫНЫСТАНОВ-КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНИН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ

*Аталган макалада кыргыз тил илиминин жаралышында, өнүгүшүндө, анын нормативдик грамматикасын түзүүдө, илимий терминологиянын иштелишинде, графика, алфавит системасын аныктоодо, орфографиянын принциптерин иштеп чыгуу маселелеринде К.Тыныстановдун негиздөөчүлүк, изилдөөчүлүк ролу баса белгиленет.*

*В данной статье рассматривается роль К.Тыныстанова в создании кыргызского языкознания, нормативной грамматики, разработке научной терминологии, графики, а также вопросы, связанные с разработкой принципов орфографии и определения системы правописания, алфавита.*

*This article describes orgomnoe K.Tynystanova role in the creation of the Kyrgyz linguistics, normative grammar, the development of scientific terminalogii, graphics, as well as issues related to the development of the principles and definitions of spelling alphabet spelling system.*

*Түйүндүү сөздөр: тил илими, кыргыз адабий тили, нормативдик грамматика, морфонология, улуттук илимий традиция, түркология, сингармонизм, орфография, терминология.*

*Ключевые слова: языкознание, кыргызский литературный язык, нормативная грамматика, морфонология, национальная научная традиция, тюркология, сингармонизм, орфография, терминология.*

*Keywords: linguistics, literary Kyrgyz language, normative grammar, morphophonology, national scientific tradition, Turkology, vowel harmony, spelling, terminology.*

Кыргыз элинин тарыхында аты алтын тамгалар менен чегилип жазылган инсандар бар. Алардын бири – Касым Тыныстанов агайыбыз кыска өмүрүн өрнөктүү жашап, элине, артында калган урпактарына кылымдарга жете турган мурас калтырып, мамлекет түптөп, маданиятты жолго коюп, илим-билимге негиз салган алгачкы интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлү, акын, драматург, коомдук ишмер, журналист болгон. Ал улуттук тил илимин түптөп, аны андан ары өнүктүрүп, баарынан мурда, кыргыз тил илиминин терминдерин, түшүнүктөрүн, орфографиялык, пунктуациялык эрежелерин биринчи болуп иштеп, кыргыз тилинин туңгуч грамматикасын жана тил илими боюнча кыргызча терминологияны түзүп, окуу куралдарын эне тилинде жараткан. Араб алфавитин кыргыз тилине ылайыкташтыруу, араб алфавитин латынча, латынчаны орус алфавитине алмаштыруу иштерине катышкан.

Тил илиминин тарыхында конкреттүү тилдик материалдарды илимий-теориялык жактан жалпылаштыруу аркылуу лингвистикалык изилдеп-иликтөөнүн метод-ыкмаларын өркүндөтүүгө, илимий гипотеза, концепцияларды жаратууга жана илимий теорияны өнүктүрүүгө зор салым кошкон жана азыркы тил илиминин жоболорун негиздеген окумуштуулар Фердинанд де Соссюр, Бодуэн де Куртенэ, Ф.Ф.Фортунатовдун илимий мурастары дүйнөлүк лингвистиканын андан ары өнүгүшү үчүн кандай мааниге ээ болсо, кыргыз тил илиминин жаралышы, улуттук

илимий традициянын, улуттук грамматикалык көз караш, концепциянын өнүгүшү үчүн Касым Тыныстановдун илимий мурастары да ошондой эле мааниге ээ. Белгилүү окумуштуу Е.Д.Поливановдун сөзү менен айтканда: «К.Тыныстановдун изилдөө иштери сөзсүз көңүл буруучуга татыйт, анткени ал изилдөөлөрүндө морфонологиянын (б.а., тил системасынын фонологиялык жана морфологиялык катышын жана өз ара себептүү байланыштарын изилдөөчү илимдин) соңку жылдары гана… Батыш Европалык лингвисттер изилдей баштаган проблемасын өз алдынча ачып, таанып отурат» (Е.Д.Поливанов, 1934, КР. ИУА, инв. №18, д.21, 1-2-б.).

1. К.Тыныстановдун лингвистикалык көз караштарын, окуусун туура түшүнүп, туура баа бериш үчүн, грамматикалык концепциясынын негизги мүнөзүн, багытын туура аныкташ үчүн, аны, эң алды, К.Тыныстанов жашаган жана ага чейинки мезгилдеги жалпы лингвистикалык, өзгөчө, орус тил илиминдеги грамматикалык окуунун өнүгүш ал-абалы менен түздөн-түз байланышта кароо зарыл.

2. К.Тыныстанов жашаган XX кылымдын тил илимин эки мезгилге бөлүүгө болот: биринчиси - XX кылымдын 30-жылдарына чейинки мезгил жана экинчиси - XX кылымдын 30-жылдарынан кийинки мезгил.

Демек, XX кылымдын 30-жылдарындагы тил илими, бир жагынан, өзүнүн табигый жол-жобосу менен өнүксө, экинчи жагынан, советтик тил илими таптык кызыкчылыкты көздөгөн саясий багытта калыптана баштаган. Советтик тил илиминде марксисттик таптык позицияга таянуу аркылуу улуттук илимий традиция жаралып, мурда илимий нормативдик грамматикалык традициясы болбогон тилдер үчүн жазуу системасын иштеп чыгып, алфавит түзүүгө, нормативдик грамматикаларды түзүүгө, лексикографиялык иштерди колго алууга өзгөчө көңүл бурула баштайт.

К.Тыныстановдун лингвистикалык концепциясынын жаралышына, анын кыргыз тил илиминин баштоочусу катары калыптанышына жана улуттук илимий грамматикалык традициянын өзөктөнүшүнө салым кошкон улуу окумуштуу болушуна орус грамматикалык традициясынын өкүлдөрүнүн эмгектери сыяктуу эле казак элинин агартуучусу, коомдук жана мамлекеттик ишмери, тилчи, адабиятчы Ахмед Байтурсуновдун «Окуу куралы» менен «Тил куралы» да чоң база болгон. К.Тыныстанов үчүн жогоруда белгиленген авторлордун эмгектери илимий-теориялык, окуу-методикалык, дидактикалык база болгондугу талашсыз.

К.Тыныстанов өзүнүн лингвистикалык көз караштарын негиздөөдө, грамматикалык материалдарды ырааттуу жайгаштырып системалаштырууда өзүнө чейинки лингвистикалык ой-пикирлерди терең өздөштүрүп, грамматикалык даяр схемаларды үлгү катары кеңири пайдаланган. Кыргыз тилинин грамматикалык, анын типологиялык түзүлүшүн аныктаган агглютинация механизмине төп келген курамдык, уламалык закон ченемдүүлүктөрүн терең өздөштүрүп берүү менен, кыргыз тил илимин жаратууну, калыптандырууну жана аны өнүктүрүүнү улуттук кыртыштагы формалар менен айкалыштырган.

К.Тыныстановдун лингвистикалык жалпы көз караштарына болгон кызыгуунун акыркы мезгилдерде өзгөчө мааниге ээ болуп жаткандыгы, баарыдан

мурда, кыргыз тил илиминин жаралышында жана өнүгүшүндө, анын нормативдик грамматикасын түзүүдө, илимий терминологиянын иштелишинде, графика, алфавит системасын аныктоодо, орфографиянын принциптерин иштеп чыгуу маселелеринде жана алардын практикалык аспектиден текшерилип чечмеленишинде К.Тыныстановдун негиздөөчүлүк, алгачкы изилдөөчүлүк ролу менен байланышса, экинчиден, айрым бир лингвистикалык жалпы мүнөздөгү илимий-теориялык проблемаларды коюу, аларды кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде чечмелеп берүүгө аракет жасагандыгы жана ал проблемалар бүгүнкү күндө да актуалдуу маселе катары изилдеп-иликтөөнүн алкагында экендиги менен түздөн-түз байланышкан. Ошону менен эле катар К.Тыныстановдун илимий-теориялык мүнөздөгү айрым идеялары жана тигил же бул маселелерге карата жеке көз караштары кыргыз тил илими үчүн гана эмес, жалпы эле түркология үчүн да белгилүү даражада илимий-методикалык база боло алгандыгы талашсыз. Мисалы, сингармонизм жана анын лингвистикалык табияты жөнүндөгү көз караш кыргыз тил илиминде гана эмес, жалпы түркологияда алгачкылардан болуп К.Тыныстанов тарабынан айтылган жана ал үндүүлөрдүн гана эмес, сөздөгү жалпы эле тыбыштык үндөшүү катары аныкталган. Түрк тилдериндеги муун типтери алардын фонетикалык курамын типтештирип кароого жана XX кылымдагы тил илиминин жаңы багыты - морфонология жөнүндөгү маселени көтөрүүгө аракеттениши анын лингвистикалык жалпы көз карашындагы негизги маселелерден болгон. Демек, кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү катары анын өнүгүшүнө, калыптанышына К.Тыныстанов өзгөчө таасир эткендигин жана муну чечмелеп, далилдеп көрсөтүүгө аракеттенүү өтө зарыл жана таанып-билүүчүлүк тарыхый мааниге ээ экендигин тануага болбойт.

К.Тыныстанов - чыгармачыл ишмердигин, болгон күчүн илимий-педагогикалык, маданий ишке жумшап, кыргыз тили боюнча окуу китептерин түзүү эң негизги максатым деп билген окумуштуу.

К.Тыныстановго 1932-жылы доценттик, 1936-жылы профессорлук наам ыйгарылган. «Эркин-Тоо» гезитинин 1926-жылдын 8-апрелдеги санында анын «Баку калаасында боло турган тгркология сьезди жана анын кадыры» деген макаласы басылып, ал курултайда өзү түзгөн латын алфавитинин долбоору боюнча баяндама жасаган. 1924-жылы «Окуу китебин» түзүп, 1927-жылы «Чондор үчүн алиппе», 1928-жылы «Эне тилибиз», 1933-жылы «Социалдык-экономикалык сөздүк» (коом-економике терминдери), 1933-34-жылдары кыргыз лексикасындагы уңгу сөздөрдү оңой жол менен тез жыйноо максатында илимий таблица ойлоп чыгарган. 1934-жылы «Кыргыз тилинин морфологиясын», 1935-жылы К.Тыныстанов менен Кусейин Карасаев кыргыз тилине фамилияны, отчествону кабыл алуу жөнүндө сунуш киргизишип, алардын сунушу боюнча, ошол жылдан баштап кыргыз эли фамилия менен отчествого өтүп калды (Бектенов З., 1996, 39-40-б.), 1936-жылы «Кыргыз тилинин синтаксисин» жаратты. Ошондой эле «Эне тили», «Жаңы айыл», «Кыргыз адабий тилинин жаңы долбоору», «Жаңы алфавит түзүүнүн жаңы принциптери», «Биздин тил» ж.б. макала, эмгектерин жазган.

Жогорудагы эмгектеринин негизинде К.Тыныстанов Орто Азия боюнча тунгуч Кызыл профессор деген наамды Москвадагы Чыныш таануу институтунун Окумуштуулар Советинин чечими менен алган.

К.Тыныстановдун жалпы көз караштарына болгон кызыгуу кыргыз тил илиминде акыркы учурларда күндөн-күнгө күч алууда. Бул, баарынан мурда, кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү катары анын башатында тургандыгы жана кыргыз тилинин фонетикасына, лексикологиясына, терминологиясына, алфавит, орфографиясына, морфологиясына, синтаксисине тиешелүү традициялык маселелерди илимий-нормативдик аспектиден терең териштирип аныктоого аракеттенген ишмердиги менен шартталса, экинчиден, XX кылымдын 30-жылдарынан тартып илимий-теориялык айрым бир проблемаларды көтөрүү менен, аларды кыргыз тилинин конкреттүү факт-материалдарынын негизинде териштирүүгө жана аныктоого күчүн арнаган аракети менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле анын сингармонизмдин табияты, морфонологиянын, сөз жасоонун, сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн принциптери жана аспектилери жөнүндөгү пикирлери азыркы кыргыз тил илиминде гана эмес, жалпы эле түркологияда улантылуу менен, теориялык тил илиминин принциптерине катар өнүгүүдө. Ал эми кыргыз тилинин фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик системасынын бүгүнкү күндөгү изилденишине жана анын илимий-теориялык деңгээлине, деги эле кыргыз тил илиминин илим катары жаралышына, өнүгүшүнө К.Тыныстанов күчтүү таасир эткендигин тануга мүмкүн эмес.

К.Тыныстановдун лингвистикалык жалпы көз караштарынын калыптанышын жана анын кыргыз тил илиминдеги ордун аныктоодо төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот:

1) Профессор К.Тыныстанов орус окумуштууларынан Е.Д.Поливанов, А.Шахматов, А.Пешковский, Л.Шербанын эмгектерин окуп-билген. Муну анын түзгөн грамматикаларынын структурасы, грамматика түзүүнүн принциптеринен байкоого болот;

2) Профессор К.Тыныстановдун лингвистикалык концепциясынын калыптанышына, өнүгүшүндөгү экинчи булак - түрк окумуштууларынын эмгектери негиз болгон. Мисалы, Казам-Бек, С.А.Маловдун эмгектери менен таанышуу мүмкүнчүлүгү болгон. Казам-Бектен сөздөрдү түркүмдөргө бөлүштүрүүнү өздөштүргөн;

3) К.Тыныстановдун лингвистикалык жалпы көз караштарынын калыптанышындагы үчүнчү булак - казак окумуштуусу А. Байтурсунов жана кыргыздын тунгуч “Алиппесин” түзгөн Э.Арабаевдин эмгектери. Себеби кыргыз алфавитинин түзүлүшү, грамматикалык терминдердин берилиши, структуралары А.Байтурсуновдун грамматикасына жакындашып кетет. Бирок мындан даяр схеманы пайдаланган деген жыйынтык чыгарылбайт. Анткени кыргыз тилинин структурасына, тилдин фонетикалык, грамматикалык системасына байкоо жүргүзүүнүн негизинде өз концепциясын жарата алган.

Кыргыз тилинин нормативдик грамматикасын биринчилерден болуп түзгөн. Анда конкреттүү факт-материалдарды талдоого алуу аркылуу кыргыз адабий тилинин фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик түзүлүшүн илимий нормативдик негизде классификациялоо, морфемалык бирдиктердин тигил же бул тилдин өзгөчөлүгүнө жараша өзгөрүү жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгүн аныктоо максатында фономорфологиялык жана морфосинтаксистик жактан сыпттап баяндоого аракеттер жасалган. К.Тыныстановдун грамматикалары 2-3-баскычтагы мектептерге жана 5-6-класстын окуучуларына арналгандыктан, негизги максат

окутуу ишиндеги практикалык талапты канааттандырууга багытталгандыктан, алар таза нормативдик мүнөздө түзүлгөн.

Кыргыз адабий тилинин фонетикалык системасын илимий-нормативдик аспектиден аныктоо К.Тыныстановдун грамматикаларынан башталат. Кыргыз тилинин фонетикалык системасы тилдин тыбыштык түзүлүшүнө ылайык эмес, ошол тил үчүн кабыл алынган алфавиттин тутумундагы тамгалардын санына ылайык аныктаган. Ошондуктан 1927-жылы чыккан “Биздин тил” окуу китебинде “Кыргыз тилинде 24 тыбыш, 24 тамга бар”-деп белгилесе, латын графикасына негизделген “Ене тилибизде” “кыргыз тилинде 31 тыбыш, 31 тамга бар”,-деп кыргыз тилиндеги тыбышты тамгага байланыштуу аныктай. Бул эки китепте берилген түшүндүрмөлөрүндө кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр өзүнчө берилип, фонемалык касиеттери көрсөтүлүп, созулмалуулук жана кожогойлуулук үндүү тыбыштары ачык белгиленгендигин көрөбүз. 1920-жылдардан баштап жалпы эле түркологиялык масштабда колдонууга мүмкүн болгон маселелерди илимий чөйрөгө киргизүүгө аракеттенген. Алардын бири – сингармонизм закону.

Жыйынтыктап айтканда, К.Тыныстанов кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн аныктап, алардын илимий принципке негизделген толук классификациясын берген. Кыргыз тил илиминин жаралышын, өнүгүшүн негиздеп, анын башатында турган.

Кыргыз тилинин морфологиялык түзүлүшүн да илимий-нормативдик аспектиден биринчилерден болуп аныктаган окумуштуу. Морфология маселелеринин берилиши сөз өзгөртүү системасы, сөз жасоо жана сөз түркүмдөр системасы аркылуу аныкталган. Тилдин грамматикалык түзүлүшүндө маанилүү мүнөз берүүчү грамматикалык каражаттардын бири-сөз өзгөртүү системасы сан, жөндөлүш, жакталыш жана таандык категорияларын өз ичине камтыйт жана ушул категориялар аркылуу ишке ашат. К.Тыныстановдун “Ене тилибиз” окуу китебинде кыргыз тил илиминде биринчи жолу сөз түркүмдөрү, алардын лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү, ар бирине тиешелүү мүчөлөрү (курама сөздөр жана уландылары) берилет.

1934-жылы кыргыз тилиндеги сөздөрдү жыйноо максатында илимий таблица ойлоп чыгып, аны колдонуу менен кыргыз тилинин лексикалык составындагы бир, эки, үч муундуу сөздөрдү аныктоо максатында тыбыштарды бири-бирине айкалыштырып, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн фонемалык түзүлүшү, грамматикалык формасы жөнүндөгү структуралык-типологиялык законду ачкан.

К.Тыныстановдун кыргыз тили үчүн калтырып кеткен эмгектери мындан ары да иликтөөгө алынып, улантыла берет.

**Адабияттар:**

1. Абдыкалыкова А.А. Касым Тыныстанов жана кыргыз тил илиминин айрым маселелери.- Б., 2003.

2. Ахматов Т.К. Касым Тыныстанов жана кыргыз тили. - Б.,1991, 17-18-октябрь /жыйнакта/, 4-13-б.

3. Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. - Б., 1996.

4. Жапаров Ш. Кыргыз тилчилери: Издери калган инсандар (Касым Тыныстанов жөнүндө)//”Мугалимдер газетасы”, 1992, №14, 10-апрель.

5. Поливанов Е.Д., 1934, КР.ИУА, инв.№18, д.21, 1-2-б.